
С карп.
С 13.

Акматали Абдыкеримов.

XXI КЫЛЫМ: АКЫН ЖАНА МЕЗГИЛ

# СЕРГЕЙ ЕСЕНИН МЕНЕН МАЕК





ЫРЛАР, КОТОРМОЛОР.

Ош-2014

Формуляр книги
Скорг. 473663
А 13. Абдыкеримов
Сергей Есенин
менен м

аб
Скорг.
А13

Акматали Абдыкеримов.



# СЕРГЕЙ ЕСЕНИН МЕНЕН МАЕК.

ОШСКАЯ
ОБЛАСТНАЯ БИБЛИОТЕКА
ИНВ №. 473663

Токтогул Сатылганов атындагы
Ош облустук китепкана
АБОНЕМЕНТ

Ош-2014

УДК 821.50
ББК 84Ки7-5
А56

А 56 А Абдыкеримов. Сергей Есенин менен маек. Ош – 2014. 48 б.

ISBN 978-9967-13-454-5

Бул китеп орустун улуу акыны С.А. Есениндин жаркын элесине арналат

Это книга посвяшается великому русскому поэту С. Есенину.

А 4702300200-14 УДК 821.50
ISBN 978-9967-13-454-5 ББК 84Ки7-5
© А Абдыкеримов. 2014-ж

# Акындын аруу саптары

(баш сөз ордуна)

Тирүүлүктө башка адамдын бийиктигин көрө билүү - өзү бийиктик. Айрыкча, чыгармачылыкты туу туткан адам өмүр бою изденип, башкалардан үйрөнүп, улуулуктун учугун издеп жүрүп бийиктиктин кыл учуна жетип калганын өзү да сезбей калат. Тескерисинче, атак-даңк үчүн бабалардан калган баалуу мурас - чыгармалардын үлгүлөрүн жел жорго сапка айландырып, куу чирендик менен терендикке кирем дегендер мезгил шарында агындыдай калкып жээкке сүрүлүп, камгактай учуп, учуру келгенде дайынсыз жоголот...

Чыгармачылык дүйнө - өтө эле жөнөкөйлүктү, кумурскадай тынбаган изденүүчүлүктү, тажабай үйрөнүүнү талап кылган татаал дүйнө. Ошондуктан, чыгармачылык чыйырга кадам таштаган адам окуп турбаса, башкалардын жаңы табылгаларын дилине сиңире албаса, чыгармачылык дымагы ташка чабылган кылычтын мизиндей өзүнөн-өзү мокоп, зордук менен жаралган чыгармасы өзүнөн башка эч кимге жукпай, тажатма саптарга айланып калышы эч кеп эмес.

Урматтуу окурман, колунуздагы чакан китепченин жаратманы А.Абдыкеримов коп

жылдар бою чыгармачыл чөйрөдөн алыс жүрүп, өз алдынча бүчүр байлап көгөргөн акын. Поэзия айдыңындагы анын өзүнө гана таандык үнү, стили, пайдалана билген корком боектору ачык, дана жана так экендиги буга чейин жарык коргон жыйнактарынан байкалгандыгын айта кетпесек болбойт. Анын бирден-бир кемчилдиги жазылган чыгармаларын, жарык көргөн китептерин окурман калкынын кеңири чөйрөсүнө жеткирип, азуулуу адабиятчылардын, тиш каккан акын-жазуучулардын көңүл таразасына коюп көрбөгөндүгүндө. Болбосо, дүйнөлүк адабияттын доо-шаалары менен кеңири тааныштыгы бар, алардын айрымдарынын (С.Есенин, Г.Лорка) чыгармаларын кыргыз тилине өз дэңгээлинде которо билген акын качан эле оз ордун тапса болмок.

Автордун «Есенин менен маек» ырлар жыйнагы орус элинин улуу лириги С.Есениндин чыгармачылыгына озгөчө сый-урмат менен мамиле кылып, андан акындык чеберчиликтин өзгөчо ыкмаларын өздөштүрүүгө жасаган аракетти жана жасалган аракеттен жемиштүү натыйжа ала билгендигин көрсөтүп турат. Айтканыбызга далил катары:

Кечки иңирде жолоочумун кечиккен
Тааный албай,талбай тиктеп көзүмдү.
«Байрон жазган иттей үрүп эшиктен»,
Сенин итин тосуп алды өзүмдү. –



деген саптарын карап көргөнүбүз артыкбаштык кылбайт. Анткени, китептин алгачкы барагынан орун алган ыр саптарынан баштап, акыркы бетине чейинки ыр саптарында акындын есениндик лирикага сугарылгандыгы, айрым учурда орус лириги из калтырган бийиктикке умтулуп жатып, анын дал озүн кайталап алган учурлары байкалат. Мындай көрүнүштү акындык кемчилиги катары кабыл алууга болбойт. Себеби, С.Есениндин лирикасына тынымсыз кайрылган акын анын чыгармачыл дүйнөсүн дилине бир отоло синирип, изденүү учурунда анын жадыбалдай жат болгон саптарын өздүк сап катары пайдаланган болушу толук мүмкүн. Мындай көрүнүштөр аттуу-баштуу акындардан да учурашы ажеп эмес.Тагыраак айтканда, кыргыз поэзиясында Алыкулдун мектеби өзгөчө орунда тургандыгын көпчүлүк билет. Ал эми ата журт темасына кайрылган көпчүлүк акындардын алгачкы ыр саптары Алыкулдун «Ата Журтунун» көчүрмөсүндөй эле жазылгандыгы көп эле айтылып жүрөт.

Жыйнакты жалпы жонунан алып караганда, А.Абдыкеримов акындык сырдын түйүнүн чечип, жалгыз гана өзүнө таандык чыйырды таба билгендигин айта кеткенибиз оң. Башкача айтканада, орус жергесин, андагы Есенинди өмүр бою эргүүгө алып келген чытырман токой, жайкалган ак кайыңдарды көзү менен көрбөй туруп, токой арасындагы жайкалган сан

гүлдөрдүн, селкилердин саамай чачындай сенселген ак кайындын назик шуудурун сезим күүсү менен туюп, ишенимдүү ыр саптарына айландыра билиши - акындык бийиктик десек аша чапкандык болбойт.

Акындын Манас ааламына жасаган чыгармачыл саякаты, ой жоруму, ыйман багытындагы түшүнүгүнүн ырга айланышы, жеке чыгармачылыгындагы булбул жанган үмүт шамы калемгерди компас сыяктуу улам татаал жолго, багынбас бийиктикке жетелеп бара жаткандай туюлат. Ал эми жер көчкүдө калган элдин арасында азап тартып жүргөн Акматалы акенин образы калк башына түшкөн кайгынын салмагы онойго турбагандыгын, мындай каргашадан калган кара так таш бетине жазылган эн тамгадай узак жылдар бою кетпей турган так экендигин эскертет.

Жыйынтыктап айтканда, жупунулукту туу туткан акын Акматалы Абдыкеримовдун жалпак тил менен жазылган ыр дүйнөсү окурман калкынын дилине женил сиңип, дил азык болушуна, анын акындык салмагын тараза ташына салмагын аныктап беришине шек санабайбыз. Ошондуктан, акындын ыр чачыласынан ооз тийип, ширесине каныңыз, урматтуу окурман.

**Маметибраим Жаныбеков**
**акын-котормочу**



# XXX

Жаштайыман катып окуп койнума.
Ырларыңды өзүмкү деп алыпмын.
Орустугуң такыр келбей оюма.
Мен өзүмдү сен деп сезип калыпмын.

Ырларыңа ышкым артып берилип,
Жеткенсигем ак кайыңдуу жерге мен.
Гүлгө оронгон шалбаа жатса керилип,
Кыргыздыгым түк эсиме келбеген.

Орус жерин көрбөй туруп кеземин,
Балким көрсөм кетээр жүрөк жарылып,
Сегиз жылы келбей жүрүп Есенин,
Келген өңдүү өз мекенин сагынып.

Кечки иңирде жолоочумун кечиккен,
Тааный албай, талбай тиктеп көзүмдү.
«Байрон жазган иттей үрүп эшиктен»,
Сенин итиң тосуп алды өзүмдү.

Жайдын түнү, энең ийрип ийигин,
А мен жүрдүм чөп чабылган түзөңдө.
Чечип салып үстүңдөгү кийимин,
Ай чөмүлүп жаткан экен өзөңдө.

Бул кыштакта болгондоймун көп жолу,
Көргөндөймүн гүл жээктеген жолду да.
Жат келинге, көгүлтүр көз, көк жоолук,
Салам айтып өттүм сенин ордуңа.

Өнүм көрүп күнгө күйгөн карарып,
Өзүңбү деп тентип келген, карыган.
Кылчак карайт жандай салып баратып,
Ошолбу деп көп жол күтүп сагынган.

Өзүң көргөн ак кайыңдын көчөтү,
Абдан сулуу, жетилиптир бурала.
Окшоп кудум жаш кездеги, кечээги,
Жакшы көргөн карындашың Шурага.

Орус жерин көрбөй туруп кеземин,
Балким көрсөм кетээр жүрөк жарылып.
Көп жыл бою келбей жүрүп Есенин,
Келген өңдүү өз мекенин сагынып.



XXX

Сүрөтүмдү көрүп жаңжаш кездеги,
Сендей сулуу болгонума таң калып.
Бактылуу көз ирмемдердин эстеги,
Элесине туруп калам арбалып.

Аялдарга арнап ашык ырыңды,
Сен далайын бурчка кадап жыргатсаң.
Сенден кантип жашырайын сырымды,
Мен далайын ай талаада ырдаткам.

Жатсаң жакшы көк шиберде чалкаңан,
Жылдыз толгон айга, күнгө суктанып.
Болсо асылың кучагыңда балкыган,
Теребелиң шыбак, зире жыттанып.

Мындай жолдуу болбогонмун ар иште,
Дон Жуандай доорду сүрүп турганда.
Сен сыяктуу болбосом да Парижде,
Мен француз кызын сүйдүм бул жакта.

Биринчи ирет мен кармаган сыяктуу,
Үлбүрөгөн булуттай ак билегин.
Биринчи ирет сезген чыгаар бул ак куу,
Азияттын оттой ысык илебин.

Ички сырын сактай билет ар пенде,
Ким билиптир кимдин эмне ойлоорун.
Есениндин табияты бар менде,
сүйүү багын мен да сендей жойлодум.

XXX

Серега! Кыштын түнү, сыртта кар,
Келчи досум, от жанында жазылып,
Олтуралы уксаң кулак таң калар,
Бир сүйүүнү айтам жүргөн жашырып.

Мындай сүйүү сенде такыр болбогон,
Өмүрүндө кирбеген түк түшүнө.
Далай жылдар өтсө деле толгоном,
Махабаттын мерт кыларлык күчүнө.

Оорукана, ооруп жатам, медайым,
Укол сайып айыптуудай шыбырайт:
«Арга таппай… «кечириңиз менде
айып,
Мен ушинтип.. .»эрини араң кыбырайт.



Ooру жанга айтса мейли башка кеп,
А бул сөзгө өзү кубө бир эгем.
«Мен караган палатада жатса деп,
Жараткандан далай ирет тилегем!».

Кандай гана кара ниеттик бул өзү,
Жакшы көрсө ушинтип да тилейби!
Жаны оорутуп жаткан киши сүйөбү?
Жаны менен болорлугун билбейби?

Мени көрүп туруу үчүн күн сайын,
Ооруп жатуум керек беле жабыркап.
Аялымдай азап тартса түн сайын,
Аяп аны таң калгамын таңыркап.

«Көзүңдү аччы, бул менмин ,дейт
жанында?»
Көзүмдөн өөп, көөдөнүмө баш коет.
Оорум күчөп денем түшсө жалынга,
Карегине кадимкидей жаш толот.

Болгон үчүн башка жанга күйүгүү,
Кереги эмне! Мени мынча кыйнаштын.
Оорутуп да айыктырган сүйүүнү.
Билсең эгер мен да өзгөчө кыйбасмын…

Серега ! Кыштын түнү... сыртта кар,
Келчи досум, от жанында жазылып.
Олтуралы, уккан кулак таң калар,
Бир сүйүүмү айтам, жүргөм жашырып.

XXX

Редакция, адабият бөлүмү,
Бул эшикке кирген чыккан көп болуп.
Кычыратып жыгач үстөл-төрүмү,
Мен ырлардан жалбырттагам өрт
болуп.

Акындардын ырларынын ыргагы,
Турчу дайым толкун болуп шарпылдап.
Анда айтылчу махабаттын жыргалы,
Маанайлары жылдыздардай
жаркылдап.

Уйпаланган барактардан сапсары,
Жаз жыттанчу түркүн гүлдөр жайнаган.
Уйкашы жок узун-кыска саптары,
Куштарга окшоп бир даракта сайраган.



XXX

Сенден сездим терендикти, бийикти.
Табалбастыр сени мендей түшүнгөн.
Пайгамбардык даражадан кийинки,
Улуулуктун-акындыктын күчүн мен.

Акындардан ичкич чыгып жалгыз сен,
Жаман атак менен дүйнө таанылпы!?
Мас чактагы чыр-чатактуу пейлиңен,
Жазган ырың күңүрттөнүп жаныппы!?

Мен да бир кез, ичкен кезде ит болуп,
Редактордун эшик-төрүн тепкилеп.
«Башкалары чабак, өзүң кит болуп...
Ушу сенин чоңдугуң мага өттү! «–деп

Ичип жүрдүм ден соолугум аябай,
Иттик болор азыр аны унутсам.
Ичип,ооруп кеткениме карабай,
Кайра ошончо ала берген жумушка.

Учурунда унтуп уят-сыйытты,
Кызып алып булгап намыс-арымы.
Акмак болсом, ал акырын кыйытты,
«Ай болсон да, урдум эми жарыгың.

Сага өчөшсөм шилтей салып колду да,
Башка бирөөн алда качан алмакмын.
Дипломдуу киши келмек ордуңа,
Бирок билсең мен акынсыз
калмакмын».

Дал ошентип как көчөдө калгамын,
Далай ирет каарым кайнап, тутулдум.
Ал жылмайды: «көргүн башка
салганын,
А мен сенден араң –зорго кутулдум».

Акындардан ичкич чыгып жалгыз мен,
Жаман жорук менен кыргыз таанылпы?
Мас чактагы чыр-чатактуу пейлимен,
Жазган ырым күңүрттөнүп калыппы?!



### XXX

Эмнегедир пейлим барат өзгөрүп,
Кайгыланып болбогон бир нерсеге…
Анткорлукту турса күндө көз көрүп,
Чарчай берем : эмне жетпейт пендеге?

Мен андайга бала кезден көнбөгөм,
Жашабагам, жалган айтып билбегем.
Бул жүрүшүм-кыйын чыгып өспөгөн,
Ич тардыкка көңүл абдан кирдеген.

Анан калса бата кылган чоң атам,
«Каалабайм деп сенин шаарга
кеткениң»
Куттай көрүп бекем сактап келатам,
Анын эски орок,айры кетменин.

Көргөн жокмун дилдин мындай
тазасын,
Ыйманга бай, пайгамбардай карыны.
Бир да жолу калтырбастан намазын,
Ал кудайдын айтканындай карыды.

Ал мага айтчу: Балам элең жашында,
Мен картайып болдум азыр баландай,
Өмүр бою болсоң экен кашымда,
Өлүм мага келген кезде жакындай.

Турмуш ошол бүгүн көргөн эртең жок,
Күнү бүткөндө кете бермей өмүрдөн.
«Эх армандуу дүйнө бок эй, дүйнө бок!
Деген сөздү айтышпаптыр төгүндөн.

Мен жашоомдо сендей болуп жансам
дейм,
Андай мезгил кетсе да учуп закымдай.
Эң акыркы ырга үлгүрүп калсам дейм,
Сезген ойдо эң акыркы акындай.



XXX

Жаштык,мастык баарын артка
калтырып.
Менде өзгөчө такыбалык ойгонду.
Өзүмчө эле көөнүм ысып жактырып,
Каалап жүрөм сакал мурут койгонду.

Мезгил өзү өмүрүмдү жылоолоп,
Карылыка баратабы жетелеп.
Же чарчаган аттай болуп ылоолоп,
Моюн сунуп калдымбы дейм эртерээк.

Турмуш деген өз өкүмүн билгизип,
Кэчээги эле кызыл жүздүү жигитти,
Маңдайына катар бырыш киргизип
Түптүз сынын түзүк эле ийилтти.

Сен жеткенде менин өмүр-күзүмө,
Ылгабастан эски ускунду кийинип,
Сакал -мурут кое берип жүзүнө,
Өз үйүңдө өткөрмөксүң тирилик.

Кереметтүү сүйүү , жаштык жыргалын,
Жазып бүтүп кеткендейсиң мен үчүн.
Сен жазбаган карылыктын ырларын,
Мен аргасыз жазгандаймын сен үчүн.

ОШСКАЯ
ОБЛАСТНАЯ БИБЛИОТЕКА
ИНВ №.....473663.....



Токтогул Сатылганов атындагы
Ош облустук китепкана
АБОНЕМЕНТ

XXX

Сен бекерге үмүт кылып жүрүпсүң,
Басылат деп уруулардын кастыгы.
Өчө жаздап турат менин үмүтүм,
Көрүп туруп адамзаттын пастыгын.

Жер энени жети айланды жолубуз,
Сен эзели көрбөгөндөй өнүктүк.
Жетти биздин Айга,Марска колубуз,
Ал ансайын ач көздүккө көнүктүк.

Зээн кейитип сен жүрөгүң канатпа,
Көзүбүздү акча менен жапканбыз.
Миллиондогон адам жанын заматта,
Алып тынчуу атомду ойлоп тапканбыз.

Төңкөрүштөр болсо сенин тушуңда,
Ок атылып адам каны төгүлгөн.
Дале уланып келет биздин учурда,
Эр денеси көмүлгөнү көмүлгөн.

Болуп келет ,болот мындан ары да,
Деген ойдо мен да жүрөк канатам.
Акын заты зарыккандан зарыга,
Өтөт тура күтүп күндү самаган.



XXX

Алыс-алыс бир жактарга кетердей,
Акыркы ирет көзүм көрүп жаткандай,
Өз үйүмө кайра кайтып келбестей,
Сезилгенсип ойлор басат ар кандай.

Кайда барам, кайда жетип токтоймун,
Кандай күндөр күтөт мени алдыда.
Ата-журтум анда сени жоктоймун,
Алдырганда сагынычка,кайгыга.

Жоктойм анда тоолоруму , талаамы,
Шаркыраган дайралардын шоокумун.
Сан миңдеген торгойлорду жанагы,
Сайраганда абдан канчуу моокумум.

Шуулдаса теректери жат жердин,
Шуудураса камыштары көлмөнүн.
Туугаң жерге тагдыр кайра апкелсин,
Топурагын жыттап-жыттап өлөйүн.

Ошол жытта бар эмеспи эң кымбат,
Өткөндөрдүн жаркын жыты, элеси.
«Тууган жердин топурагы алтын» деп,
Жаңырыктайт аталардын керээзи.

XXX

Серега! Кел ичели аз-аздан,
Көтөрүүгө чөгүп турган маанайды.
Киши экенбиз бир тагдырда жаралган,
Издебейли өзү келбес таалайды.

Зор азапты-акындыкты сендеги,
Бакыт сезип улап келем учугун.
Түшүнүүгө сени мен же сен мени,
Эч кынтыксыз жетет өзү ушунун.

Сен сүйүүнүн сазына абдан баткансын,
Ылгабастан аял, кыз же келин деп.
Кайдан, кантип таамай таап айткансын,
«Басып жүргөн ак кайыңым менин» деп.

Ак куулардын ажарын өөп уктадың,
Жанып күйбөй өткөн эмес бир күнүң.
Келиндердин келбетине суктандын,
«Козгоду деп жан дүйнөмүн түпкүрүн».

Үлбүрөгөн гүлдөй назик саптарын,
Элжиретип жүрөктөрүн ээледин.
Деп ырдадың : «Бүтпөс шорго
батканым,
Бүт баарымды мен силерге бергемин».



Өз жолумдан мен да сезип билемин,
Ичели да ый аралаш күлөлү,
Бербесе эгер бир да акындын тилегин,
«Ал акындын жинди болгон жүрөгү».

Серега! Кел ичели аз-аздан,
Көтөрүүгө чөгүп турган маанайды.
Киши экенбиз бир тагдырда жаралган,
Издебейли өзү келбес таалайды.

XXX

Карылардай тонун арта жамынган,
Тоолор уктайт кар астында муюшуп.
Жазда-жайда шаркырашып агышкан,
Дайралар жай күбүрлөргө куюлуп.

Жаштык өттү агын суудай шар аккан,
Күүгө келбес болду сезим канаты.
Жерди бойлоп калдаң-кулдаң бараткан,
Жараланган куштай болдум карачы.

Ээндикте жүргөндөймүн эми мен,
Жан дүйнөм бош ыр жазуудан арылгам.
Каяктандыр мени сүйбөй жериген,
Ырларымдын ыйы угулат алыстан.

Баргым, келбейт эми аларды утурлап,
Келген эмес сени менен ооругум.
Кезиккенде көз жаш ичке жутулган,
Ансыз деле мен армансыз оорудум.

Көрүшкөнчө!... Жазылганча жаңы
ырым,
Кезиккенче!... Кайра муза дүйнөдөн.
Жан үзүлбөй гүлдөп турат кабырың,
Жан жоктур дейм сени такыр сүйбөгөн.

Ээндикте жүргөндөй бир абалда,
Жан дүйнөм бош ыр жазуудан арылгам.
Жерип кеткен жетпей жүргөн санаамда,
Ырым жоктоп сабылганым сабылган.

XXX

Айылдан узап чыккан сокмо жолдун,
Жок белем токтоор жери, жетер чеги.
Жылгалар салаасындай болуп колдун,
Созулат жолду өнөргөн белестери.



Бу жолдун качан ,кантип жол болгонун,
Ким билет, кимдер кетип келишкенин.
Көргөндөр жаздын гүлдөп кооздогонун,
Көргөндөй болот кулум бейиш төрүн.

Айылдан узап чыккан сокмо жолдо,
Ар күнү ат ,эшегим минип алып.
Утурлап баруучумун уйга,койго,
Кай жактан келишээрин билип алып.

Элпектенип эмне айтаарым туйчу сен,
Эл алдында осолдотпой атамы.
Карылардын колуна суу куйчу элем,
Ашта-тойдо дайыма алып батаны.

Мени көрсө «Ай беркелеп» чакырып,
Энелерим берип кантын сактаган.
Бетимден өөп койсо айланып, жалынып,
А мунусу артык болчу батадан.

## XXX

Бул ырды сен жаздыңбы, мен жаздымбы?
Чындыгы, айрый албай турам азыр.
Соо болсом минтмек белем, мастыгымбы?
Кайыңдар шуудураган бул кайсыл ыр?

Кыргыздын мас болгонун билбейсиң да,
Көрдүңбү , кырк жылкы айда келатканым.
Мен айткам десем азыр тилдейсиң да,
Кайыңды ак жуумал кыз деп айтканың.

Бул ырды сен жазсаң да, мен жазсам да,
Өз эрки ким кандайча кабылдасын.
Билемин түшүнбөсүн сенден башка,
Аязда жүрөк күйүп жалындашым.

Мас кароолдой мен да турам кучактап,
Ак кайыңдын татынакай белинен.
Жарымсың деп жаткым келип турат бат,
Өпкүм келип үлбүрөгөн эрдинен.



## XXX

Жаратканга ким кандайча сыйынат,
Ал өз эрки,дүйнөдө дин аз эмес.
Адам аты ыйман менен ыйык ат,
Ыймансыздар Алла астында таза эмес.

Бала кезде сен сыйынып кудайга,
Балким бактың ачылгандыр чиркөөдөн.
Жер жүзүндө : тигил жайда, бул жайда,
Ырыңды окуйт, жазмак эмес кир көөдөн.

Мага парыз намаз окуу мечиттен,
Мусулманмын беш парыздын бири ушул.
А мен акмак кечиккеним кечиккен,
Ыйманымдын жууса кетпес кири ушул.

Жаштайыңда жаратканга сыйынып,
Жаш өткөндө калганыңа ишенбей.
Жүрөгүңө арман өкүт жыйылып,
Жашап жүрдүң айыккыс бир кеселдей.

Жашым өтүп баратса да карачы,
Намазымды мен да окубай жакшылап.
Күнүм бүтсө өлүм болуп арачы,
Чаппаса экен ыйманымды камчылап.

## XXX

Түгөл жазып бүтө электе кыш ырын,
Түтүн булап морусунан үйлөрдүн.
Меш түбүнө жакын келип мышыгым,
Эшик тырмап кыңшылайт жаш күчүгүм.

Ыр жазамын уктабаска кайылмын,
Жарым түндө ойду бөлүп буй кылат,
Сага жакпас короздору айылдын,
Кекиртеги айрылганча кыйкырат.

Россия ! Сенде эч качан болбогом,
Тагдыр мага буюрбаптыр көргөндү.
Мен өзүмчө элестетип болжосом,
Түнт токойлор каптап жатат өлкөңдү.

Сережа! Айтчы досум жанагы,
Дөбө артынан өзүң күткөн конокту
Көгүлтүр көз ,чачы алтындай сапсары,
Сулуу кыздар балким жалган жомоктур.

Бизде деле бар орустун кыздары,
Салыштырып сен айткандай болжосом.
Каректери дециз эмес ырасы,
«Көгүш-жашыл толкундарда ойногон».



## XXX

Алп баатырлар жатышкандай жамбаштап.
Чечинбестен темир-зоот кийимин.
Көз салгансып айкөл Манас хан баштап
Тоолор жатат даңазалап бийигин.

Айтмакчы сен кабарың жок Манастан,
Уккан болсо адам заты таң калаар.
Ай-ааламда теңдеши жок бул дастан,
Мурас кылган бизге ата-бабалар.

Жок,жок! Кечир менден кетти каталык,
Мурас эмес, жашап келет азыр да.
Бул кыргыздын каны менен жаралып,
Бул кыргыздын жашай берет канында.

Уктап жатсам кирип менин түшүмө,
Узун бойлуу, узун аппак сакалдуу.
Бир карыя айтат мага түшүнтө:
«Уулум, сага берейинчи батамды.

«Оозуңду ачкын, таруу куям толтура,
Айкол атаң алп Манасты айтасың,
Эриниме тийгизээрде кол суна,
Энем түртөт : «Эмне болдуң каралдым?»

Куйган таруу кетти жерге төгүлүп,
Бирин-серин чачырады оозума,
Ыйлап турдум мен кабыргам сөгүлүп,
Энем талыйт келме келбей оозуна.

Жараткандын аяныбы түштөгү,
Ал ким эле Бакайбы же Кошойбу?
Ошондогу ыйым такыр бүтпөдү,
Айтпай калган Манасымдын бош орду.

...Алп баатырлар жатышкандай жамбаштап,
Чечинбестен темир-зоот кийимин.
Зоого айланып айкөл Манас кан баштап.
Даңазалайт касиетин,бийигин!

XXX

Акындарга болбойт чыны үйлөнгөн,
Баарын таштап эң бир туура кылгансың.
Катын балээ күнү-түнү сүйлөнгөн,
Эрдик жасап өзүң кетип тынгансың.



Эрдик эмей эмне эбин тапканга,
Жедирбесең кулагыңдын кужурун.
Кетсе мейли ал өзүнө жакканга,
Ыр жазганда келтирбесе кыжырың.

Мен былжырап балдарыма байланып,
Кемтик сөзгө калтырбаска аларды,
Бир аялдын күнкоруна айланып,
Билбей келем кантип ага жагарды.

Баарын таштап кетсем болмок мен дагы,
Дербиш болуп акындыктын артынан.
Кудай наалып... жактырбайт деп эл дагы,
Чыгалбадым көр тирликтин айынан.

Муну катын такыр башка түшүнөт,
Ал ан сайын ажаандыгы ашынып,
Айланды да бүт түгөтүп бүтүрөт,
Маңкурт болуп отурасың кашынып.

Баарын таштап эң бир туура кылгансың.
Акындарга болбойт чыны үйлөнгөн.
Турмуш-тузак,тушаласың, чыкпайсың.
Көр тирилик деген көөнө сүйлөмдөн.

### XXX

Менде жалаң арман ырлар жазылып,
Жазбаптырмын бир сап көңүл көтөрөр.
Бешенеме калсын бир ыр кабылып,
Жазбай калган улуу Лорка экөөнөр.

Оо! Мен анда болмокмун зор бактылуу,
Бу турмушта жолу катуу пенде элем.
Сынап көрсөм мен өзүмдүн бактымы,
Күлүкө окшоймм марага түк жетпеген.

Билем, жетпейм көптөр жеткен марага,
Үмүт оту бирде күйсө бирде өчүп.
Ал көрүнбөйт такыр жакын арада,
Жетсем мейли өмүр жолум түгөтүп.



### XXX

Жалгыз жатам жаздыгымды кучактап,
Жанымда жок жаны бирге ынагым.
Күндөр, күндөр! Канаттуудай учат бат,
Кымбат жарым, канттин, билбей турамын.

Балким,балким терезеде телмирип,
Дарактарды карап калың кар баскан,
Эшик «кыйч» деп келүүчүдөй мен кирип.
Турган чыгар добуш күтүп сырт жактан.

Билесин да кандайлыгын санаанын,
Аргасыздан алысташкан учурду,
Бир четинен көз жетпеген талаанын,
Издегенсийм колдон учкан кушумду.

XXX

Өзбек келин,
Эзилип бышкан коондун
Тилигиндей,
Эриниңдин ширинин эй!
Кармалап мүчө боюң,
Колдорум жүгүрүшөт,
Ап-аппак
Толкун жиреп
Армансыз сүйүнүшөт
Өзбек келин…
Мен анын
күйөөсүнө окшош экем!
өзү айткандай өтө эле окшош экенм
Айласыз
Көнүп берген ал кургур да
Эрдин орду
Көп жылдап боп-бош экен.



XXX

Асманда жылдыз учту,
Тынчылык болгой эле,
Жүрөгүм катуу булкту,
Тынчылык болгой эле…
… Кышкы чилде
Түн ортосу
Жумуштан жалгыз кайткан кыргыз
келин
Кайсы бир шаарында Россиянын
Кайтыш болду
Көрбөйт эми кыргыз жерин!
Күн сайын
Каттап жүрчү жолу менен
Келе жаткан
Кадамдап ылдам эле,
Жатак жайга жакындап калган эле,
Жатак жайга аз эле калган эле!
Акча таппай
Ашынган наркомандар,
Түн жамынып
Жол тосуп турган эле…
Укпай эле дүлөй болуп калсам болмок.
Көрбөй эле көр болуп калсам эмне?!
Бурай салып сыналгынын кулагын,

Сага урулган бычак мени кансыратып
турамын
Бир уйдун сынса мүйүзү,
Миң уйдун мүйүздөрү
Зыркыраса,
Кантип анан жүрөгүм канабасын,
Жетимдериң апалап
Чыркыраса.
Оо, менин кагылайын улутташым,
Билемин уул-кыздарың унутпасын,
Тентитип нийген бизди бөтөн элге,
Улуктар суу ордуна уу урттасын!
Оо ,менин кагылайын улутташым…

## XXX

Дайым сүйөм жашоо,өмүр ,жыргалды,
Төрт мезгилди: жаз,жай.күз,кышты да.
Сен сыяктуу сонун жазсам ырларды,
Көркөм сөздү орду менен жыш кынап.

Сулуулукка таңда, кечте сен көргөн,
Суктанамын мен да акындык көз менен.
Бул жашоону жаным менен тен көргөн.
Данктап ырдайм даңазалуу сөз менен.



Мейли айтышсын мени ала көөдөн деп,
Учурунда балким ал да керектир.
Акын болуу –бул өзгөчө бөлөк кеп
Минден бирге ыроологон белектир.

Эх ,талаалар! Көз жетпеген учугуна,
Жел аргысы жетпей жолдо чарчаган,
Айламакмын сенин асман кушуна,
Мен жашоомду балким кайра
баштасам.

Деп ырдаймын мобул жаткан кыйырга,
Кызгалдактар алоолонуп каптаган.
Атак-данкты албайм жарты тыйынга,
Акындыктын өзү өчпөс мартабам.

## XXX

Жер көчкүдө
Калгандар менен кошо,
Көмүлүп дале жатам,
Зарыгып таңды күтүп
Карыянын үнүн угам нааразы
күбүрөгөн:
«Кудай алган кулактарым
Керең болуп калганбы дейм
Такыр бүтүп,

Намаз убак зык болуп калса деле
Азан үнү угулбайт бүгүн неге?
Жер тартып турат жаным.
Керек болуп калдымбы экен
Мен Эгеме?
Ымыркайын койнуна
Алып жаткан
Ак мамасын
Оозуна салып жаткан
Келин ойлойт:
«Уят эле
Кайын атам, кайненеме
Турайын дейм туралбаймын,
Бул жатышым жарабастыр
Эмне болгон өзү мага
Мени кандай кара басты».

Үйлөнүү үлпөтүндө болор тою,
Үлпүнчөк кийген селки сулуулугу,
Баарысы, бүт баарысы,
Магдыратып,
Жигитти жетелеген
Ширин уйку.

Сезгендей жамандыкты,
кудайдан тилеп



Тынчтык ,амандыкты
Бирдеме болуучудай бүгүн түнү
Жүрөгү опкоолжуган,
Чыгалы деп түндөн аман,
Байбиче да кынайып бүйүр жаткан.
Бузулду көргөн түшү:
Айылдын эли бүтүн,
Озондоп ыйлап жүрөт,
Түшүнбөй эч нерсеге
Атам кана, апам кана,
Эжемди тапкыла деп
Бир бала бүткүл элди
Кыйнап жүрөт.
Тегереги көчкү,
Жар, аң,
Чаң, кан...
Дегеле бүтпөс болду көргөн түшү
Дегеле атпас болду бүгүнкү таң!

Жер көчкүдө
Калгандар менен кошо
Көмүлүп дале жатам,
Зарыгып таңды күтүп,
Көзүм көрбөйт, кулак укпайт,
Жүрөк сокпойт,
Денем өлүп...

### XXX

Бүгүнкүдөй жандан тоюп көрбөгөм,
Тызылдатып ооруп жатса жүрөгүм.
Жан болбойт деп бу дүйнөдө өлбөгөн,
Жай бурулуп басып кетти түгөйүм.

Не жамандык кылдым экен мынчалык,
Тирүү туруп түңүлткөндөй адамды.
Ал ооруса кара ойлобой кылчалык,
Ага дайым тилечүү элем амандык.

Андан калган турмуш жерге кирсин деп,
Агы менен тең айланып көзүнүн.
Кандай ысык сүйөөрүмдү билсин деп,
Салага чаап нйгим келчү өзүмү.

Ү



### XXX

Чеги менен сый-урматтын адамдык.
Чен-өлчөөсүз сүйүүсүндө акындын.
Арабызда болсода алыс аралык,
Миллиондордон мен сага эң жакынмын.

Күнү-түнү биз экөөбүз сырдашып,
Кылымдардын кезип кыйыр-белесин.
Мен аркылуу сени көптөр тындашып,
Сен аркылуу мен ыр жазып келемин.

Мен көрбөдүм орус токой, өзөнүн,
Кайыңдардын кайгырганын бороондо.
Саргыч айдын аста жылып өткөнүн,
Сүттөй нурун төгүп сенин короono,

Жүрөгүдө буйрук болуп кудайдан,
Кыргыз каны, орус пейли бир жүрөт.
Кыргызда жок назик гана муңайган,
Орус жанын кайдан алдым ким билет?

# КОТОРМОЛОР

Дүйнөлүк адабияттан :
Гарсия Лорка (Испания)

**Дудук бала**

Издеп жүрөт үнүн бала,
Чегирткенин падышасы жашырган,
Издеп жүрөт үнүн бала,
Кою гүлдүн арасына жашынган.

Ошол үндөн жасамакмын,
Таң каларлык тегерек.
Тегерекке жашырмакмын,
Тунжуроомду чегелеп.

Издеп жүрөт үнүн бала,
Өскүлөң гүл арасына жашынган.
Чегирткедей жашыл кийген
Үн жаңырат алыстан.



XXX

**Кыздын кулагына**

Эч нерсени айтпас элем.
Эч нерсени,
Бирок сенин көздөрүңөн.
Көрдүм эки даракты,
Сүйкүм жаркын ал экөөндө.
Шамал ойнойт жалбыракты,
Эч нерсени айтпас элем,
Эч нерсени.

XXX

**ФАЛЬСЕТА**

(цыган кошогу)
Ай яй Петенера –цыган кыз!
Сен көмүлгөн жер эчак
Унут болуп калгандыр
Күнөөсү жок жүзүндө
Курбу кыздар жанагы
Цыган кызы сен менен
Коштошкусу келбеген.
Аза күтүп эл келди,
Табияты бүт арман
Жан дүйнөсү соттобогон
Сүйө алган.

Тар көчөнү аралап
Ыйлап келет артынан
Ай -яй Петенерам
Цыган ыры жаңырган!

XXX

Миллиондогон бактысыздар,
Сени көрбөй өтүшкөн
Миллиондогон бактысыздар
Сени көрбөй
Таң алдында
Жылдыздардай өчүшөт.
Мен бактылуу
Сени көрүп
Алоолонуп күйгөмүн
Анардай бир чокко айланып
Өчүп барат жүрөгүм.

**Россия : Сергей Есенин**
(Л.И.Кашинага)

Жашылданган чачтары
Кыз көкүрөк кудум а
Ичке белдүү ак кайың
Не карайсың булуңга?



Шамал ойноп шыбырап
Жээк жеткирди эмнени
Шактарынан чач бурап
Мончок таккың келеби?

Жашырбастан мага сырың,
Айткын дарак оюңду.
Жактырамын санааркаган
Эрте күзгү шоокумду.

Жооп айтты мага кайың,
«Оо ынтызар дос курбум,
Койчу куруур төктү жашын
Күбө болуп түн турду.

Ай узартып көлөкөнү,
Айлана бүт жаркыды.
Ак балтырдан бек кучактап
Ал жыргалга балкыды.

Бутак шуудур эткенде,
Айтты терең үшкүрүп:
«Каркыралар келгенче
Кош бол эми күкүгүм».

## XXX

Каргыш тийген гитарада ырдагын,
Манжаларың бийлегенсип ойносун.
Оюн-зоокто мейли сен да жыргагын,
Эң акыркы менин жалгыз жан досум.

Мүрүсүнөн көйнөк түшкөн жылмышып,
Сен аялдын далысына караба.
А мен андан бактымды издеп тырмышып,
Кокусунан калбадымбы балаага.

Мен билбегем сүйүү-балит экенин,
Мен билбегем сүйүү-ыпластыгын.
Жакын келип коюлантып карегин,
Хулигандын адаштырган акылын.

Биздин эски ырбап бүткөн ооруну,
Ырдап досум кайра эсиме түшүргүн.
Сулуу жапжаш тим кой тиги сойкуну
Мейли деймин башка менен өбүшсүн.

Ах, кое тур. Жемелебейм мен аны,
Ах, кое тур. Ага каргыш айтпаймын.
Андан көрө гитар ойноп мен дагы,
Өткөндөрүм эскерүүдөн кайтпаймын.



Жүрөгүмдө укмуш сезим кайрадан,
Төгүлүүдө гүлдөй назик күндөрүм.
Көп кыздарды жандай басып жыргасам,
Көп аялды бурчка кадап көндүрдүм.

Бар эмеспи! Жердин ачуу чындыгы,
Бала чакта мен таңыркап карачуум.
Үйүгүшкөн көп дөбөттөр канчыкты,
Кезектешип шилекейлеп жалачу.

Анан кантип ага боорум оорусун,
Анан кантип кызганмакмын ошону.
Биздин турмуш-кеберет да төшөнчү,
Биздин турмуш-өбүшүүда бошонуу.

Колдорунду бул азаптан бошотпо,
Ырда, ырда! Болушунча күүлөгүн.
Бирок билсең, барсын алар ошого, ...
Досум менин, мен эч качан өлбеймүн.

# МАЗМУНУ

Жаштайыман........................... 7
Сүрөтүмдү көрүп........................ 9
Серега! Кыштын түнү..................... 10
Редакция................................ 12
Сенден сездим........................... 13
Эмнегедир............................... 15
Жаштык -мастык.......................... 17
Сен бекерге............................. 18
Алыс-алыс............................... 19
Серега, кел ичели....................... 20
Каралардай.............................. 21
Айылдан узап чыккан..................... 22
Бул ырды................................ 24
Жаратканга.............................. 25
Түгөл жазып бүтө электе................. 26
Алп баатырлар........................... 27
Акындарга болбойт....................... 28
Менде жалан............................. 30
Жалгыз жатам............................ 31
Өзбек келин............................. 32
Асмандан жылдыз учту.................... 33
Дайым сүйөм............................. 34
Жер көчкүдө............................. 35
Бүгүнкүдөй жандан....................... 38
Чеги менен.............................. 39
Котормолор.............................. 40



Дудук бала.............................. 40
Кыздын кулагына......................... 41
Фальсета................................ 41
Миллиондогон............................ 42
Россия : Сергей Есенин.................. 42
Каргыш тийген........................... 44

А.Абдыкеримов
С.Есенин менен маек.
Ырлар ,котормолор

А.Абдыкеримов
Беседа с С.Есениным.
Стихи,переводы.

Редактору : М. Аширбеков
Тех.редактору : М.Маматалиев
Компьютерге түшүргөн
жана корректировкалаган: Б.Зулпуева
Дизайнер: Э. Шерматов.

Басууга 08.01.2014-жылы кол коюлду.
Кагаздын форматы 60х84 1/16
Көлөмү 6 басма табак.
Нускасы 200. Буюртма №618
“Ошбасмакана” АК
Ош шаары, Курманжан датка көчөсү-209